# Бишкек шаарынын №98 орто жалпы билим берүү мектебинин администрациялык ички көзөмөлдөө планынын аткарылышы

**Сентябрь айы**

| | Аткарылуучу жана көзөмөлдөнүүчү иштер | Ким аткарды | Аткарылышы |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1 | Окуучуларды кабыл алуу жана класс коплекттерин түзүү | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | Мектеп жаны бүтүп, окуучуларды кабыл алуу иштери 20-августтан башталып, сентябрга чейин улантылып, 1-класстан 10-класска чейин 810 окуучу кабыл алынды. 31 класс конспектиси түзүлдү. Даярдоо класстарынан 2 класс алынды. Мектеп аралаш тилдүү орус жана кыргыз класстарынан турган мектеп бөлуп ачылып баштады. |
| 2 | Класс кабинеттерин даярдоо, ар бир классты ылайыктап, парта жана стулдар менен жабдуу. | Чарба иштери боюнча директордун орун басары | Мектепте 18 окуу класс кабинеттери тиешелүү парта, стулдар менен жабдылып, ар бир класска ылайыкталып жабдылып, 1-сентябрга чейин окуучуларды кабыл алууга толук даярдалды. |
| 3 | Класс кабинеттерин жабдуу. | | Башталгыч класстар боюнча 10 класс кабинети жабдууланды. |
| 4 | Тарификация жургузуу.<br>Мугалимдерди кабыл алуу.<br>Баардык предметтер боюнча жетиштүү кадрлар менен камсыз кылуу. | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | Мугалимдерди кабыл алууда алган билимин, тажрыйбасы анализделип кабыл алынды.<br>50 мугалим кабыл алынды.<br>Жогорку билимдүүлор:-45.<br>Бакалавр-45.<br>Атайын орто билимдүүлөр:-6.<br>Отличник мугалимдер:-3.<br>ББМ Ардак граммотасынын ээлери:-4. |
| 5 | Педсовет отүү: Мектептин жылдык планын түзүү жана кабыл алуу. | Директор | 26-август күнү педкенеш өтүлдү.<br>Мектептин планы кабыл алынды. |
| 6 | Окуучулардын китеп менен камсыз болушу. | Директор, завуч. | 1-4 класстардын окуучулары 100% окуу китептери менен камсыз болду. 50% ын ата-энелери камсыздаган. 5-10- класстын окуучулары 20% окуу куралдары менен камсыз болгон. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Окуучулардын социалдык абалы боюнча анализ жүргүзүү. | Китепканачы. | Мектептеги 765 окуучунун 29 окуучусу жарым жетим, 3 окуучусу тоголок жетим, мүмкүнчүлүгү чектелген 2 окуучу, аз камсыз болгон 12 окуучу, көп балалуу үй бүлөдөгү 69 окуучу, толук эмес үй бүлөдө 43 окуучу такталып чыкты. Мигранттардан 14 окуучу бар. Баары 190. |
| 8 | Уюлдук метод секцияларды түзүү. | Соц педагог | Уюлдук метод секциялар түзүлүп, жетекчилери дайындалып, пландар түзүлүп, текшерилип чыкты. |
| 9 | Класстык тышкаарkы иштер, ийримдердин иши. | Класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу | Предметтик кружоктордун иштери каралды, пландар түзүлгөн. Пландарга ылайык өтүлүп жатат. |
| 10 | Техкоопсуздук жонундо жургузулгон эрежелер, иштер. | Тарбия иштер уюштуруучу. | Мектептеги тех коопсуздук боюнча иш чаралар иштелип чыгып, коопсуздук эрежери жонүндө стендер чыгарылып илинди. Эвакуациянын пландары иштелип, райондук тиешелүү мекемелер менен макулдашылды. |
| 11 | Календарлык-тематикалык пландарды түзүүнүн абалы. | ОТИ боюнча директордун орун басары | Предметтер боюнча календарлык-тематикалык пландар түзүлүп, бекитилген абалы жакшы. |
| 12 | Журналдардын толтурулушу, абалы. | ОТИ боюнча директордун орун басары | Журналдарды толтуруудагы кемчиликтер өз учурунда жоюлуп, түзүлүп журналды толтуруу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондуктан журналды толтуруу жакшы жолго жоюлду. |
| 13 | Кыргыз тили күнүнө карата арналган иш чара | Директор, тарбия завуч | Кыргыз-тил мамлекеттик тил күнү мектепте салтанаттуу түрдөү белгиленди. Стенд газеталар, ыр, өздук жазган чыгармачылыктар боюнча конкурстар өткөрүлүп, мектеп боюнча мыкты өткөрүлүп, жеңүүчүлөр сыйланышты. |

Октябрь айы

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстардын билим сапатын текшерүү | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | Башталгыч класстардын 3-4-класстардын окуу тарбия иштериндеги абалы текшерилип, педкенеште кароого сунушталды. Башталгыч класстардын окуу кабинетинде жабдылган, текшерүүдө 3-4 класстарда канааттандырарлык деңгээлде окуу тарбия иштери жүргүзүлүп жаткандыгы белгиленди. Айрым кемчиликтерди жоюу боюнча иш-пландар түзүлдү. |
| 2 | Тоголок, жарым жетим, көп балалуу үй бүлөлөрдү аныктоо | Соц педагог | Мектепке тиешелүү райондун картасы иштелип чыккан, көчөлөр жана кварталдар болуп мугалимдерге бөлүштүрүлгөн. Ар бир мугалим администрация менен биргеликте өзүнө тиешелүү үй бүлөлөрдү кыдырып иликтеп рейд жазашкан. Аз камсыз болгон жетим мигранттардын уй бүлөсү сыяктуу маалыматтарды тактап чыгышты.Жетим – 3, жалпы жетим - 29;Мүмкүнчүлүгү чектелген өспүрүмдөр-17, аз камсыз болгон үй бүлөлөр-12, көп балалуу үй бүлөлөр 69, толук эмес үй бүлөлөр-43. |
| 3 | Альфавиттик китепченин абалы | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басарлары | Мектеп жаңы ачылгандыктан альфавиттик китепче жаны түзүлүп, баардык окуучулар жазылып бүткөрүлдү. |
| 4 | Класстык журналдардын абалы | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | Класстык журналдардын толтурулушу боюнча сентябрь айында баардык мугалимдерге түшүндүрмө берилген. Айрым майда кемчиликтер бар. Орчундуу кемчиликтер жок. Журналдардын абалы жакшы. |

Ноябрь айы

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Жетишпеген окуучулар менен иш алып баруунун абалы. | Окуу завучтар. Биринчи жума. Тарбия завуч 2-жума | Биринчи чейректин жыйынтыгында мектепте 738 окуучу бар. Анын ичинен 4 окуу бирден саттан жетишпей калган. Ал окуулар менен иш жүргүзүү боюнча кошумча консултациялык сабактардын расписаниеси түзүлүп иш алынып барылды. Мектеп боюнча билим сапаты 28%, өздөштүрүү 99%, башталгыч класстарда өздөштүрүү 100%. |
| 2 | Санитардык абалды көзөмөлдөө. | Директордун орун басарлары 3-жума | Мектептин жылуулук тармагы, жакшы болууда. Аны аныктап туруу үчүн ар бир класска термометрлер илинди. Ар бир класстын өзүндө тазалык инвентарлары бар. Мектептин санитардык гигиеналык абалы канааттандырарлык. |
| 3 | Башталгыч класстардын окуучуларынын шар окуусун текшерүү (техникалык окуу). | Тарбия завуч 4-жума | Башталгыч класстардын окуучуларынын техникалык окуусуна текшерүү жүргүзүлдү. Ар бир класска техникалык окуунун абалы жалпы эле билим деңгээлин аныктоо боюнча дептер уюштурулуп, ал дептерге техникалык окуу боюнча 1 минутада канча сөз окуй алат, түшүнүгүн айтып бере алабы, көбөйтүүнүн талблицасы ж.б предметтер боюнча билим деңгээли жазылды, кийинки текшерүүдо абал кандай болот? Салыштыруу, анализдөө, максатында бул дептерлер жүргүзүлмөкчү. |
| 4 | Күндөлүктөрдүн абалы | | Күндөлүктөрдүн абалы каралып чыкты. 5-9-класстардын окуучуларынын баасы аз коюлат. Аз баа койгон мугалимдерге көрсөтмөлөр берилди. Күндөлүктөрдү толтуруу боюнча кемчиликтер белгиленди. |
| 5 | Орус тили, кыргыз тили сабактарынын бирилишинин абалы. | Директордун орун басарлары Ай бою | Орус тил, кыргыз тили чет тили сабактарынын берилген абалы менен таанышуу, көзөмөлдөө жүргүзүлдү. Ар бир мугалимдердин 3 жолу сабактарына катышып анализдер берилди. Көрсөтмө куралдарды көбүрөөк пайдалануу, интерактивдүү методдорду колдонуп, жолдоштук сабактарда катышып, тажрыйба алмашуу боюнча көрсөтмөлөр берилди. |
| 6 | Дептерлердин кол жазмалардын текшерип туруунун абалы | Директор, , ОТИ боюнча директордун орун басары | Математика жана башталгыч класстын мугалимдеринин дептер текшерүү, жазуу иштери боюнча нормативтердин аткарылышы. Ар бир сабакта класста экиден кем эмес маселе мисалдары, жазуу, уй тапшырмасынын аткаруу боюнча жүргүзулгөн иштердин абалы каралып чыкты. Көпчүлүк окуучулардын көл жазмасы начар. Жазуу иштеринин нормативдери толук аткарылбайт. Дептерлер өз убагында текшерилип, баалар коюлбаган фактылар бар. Башталгыч класстын мугалимдерине кол жазмаларды оңдоо боюнча иштерди жүргүзүү нормативдерди аткаруу талаптары коюлду. Математика мугалимдерине кемчиликтер көрсөтүлүп, бул иштер директордун кеңешмесинде каралды. |

Декабрь айы

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалимдердин жүргүзүп жаткан иштерине анализ. Сабактарга катышуу. | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | Жаш мугалимдерге дайындалган насаатчы мугалимдер менен бирдикте жаш мугалимдер жүргүзүп жаткан иштерине анализ жүргүзүлдү. Сабактарына катышып, метод жардамдар берилди. Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча кеңештер, көрсөтмөлөр берилди. |
| 2 | Окуучулардын билим сапатын текшерүү. | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары | 5-6-класстардын окуучуларынын билим деңгээлин карап, текшерүү иштери алынды. Жогорку класстын окуучуларынан тесттер алынды. Жыйынтыгы директордун алдындагы кеңешмеде каралды. |
| 3 | Олимпиадага даярдык анын өткөрүлүшү боюнча иштер. | Директор | Предметтик мугалимдердин олимпиадага даярдап жаткан окуучулардын билим деңгээлдеринин анализдери, райондук олимпиададан жеңүү мүмкүнчүлүктөрү аз экендиги белгиленди. Кийинки жылдарда мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү үчүн иш жүргүзүү керектиги көрсөтүлдү. |
| 4 | Гуманитардык сабактардын берилишинин абалы. | ОТИ боюнча директордун орун басары | Тарых, биология, география сабактарынын берилиши анализденди. Сабактарга катышып тиешелүү көрсөтмөлөр берилди. Тарых, география 6-нча карталардын аздыгы, окуу китептеринин жетишсиздиги; терен билим берүүгө мүмкүнчүлүк түзбөй жаткандыгы. Тарых география кабинетиндеги жабдуу белгиленди. |
| 5 | Жаны жылды өткөрүүгө даярдык абалы | Директор | Жаны жылды өткөрүүгү карата түзүлгөн пландардын аткарылышын карап, ата-энелер тарабынан берилген жардамдар, алардын аткарылышы каралып чыкты. Коопсуздук эрежелерин сактоо иш-чара мезгилиндеги дежур мугалимдердин жоопкерчиликтери такталды жана корсотулду. |

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Орунбаева Н.Э.